# *МАМЛЕКЕТТИК-ПАРТИЯЛЫК ИШМЕР И.РАЗЗАКОВДУН 100 ЖЫЛДЫК МААРЕКЕСИНЕ АРНАЛГАН «ӨМҮРҮ ӨРНӨК ИНСАНДАР» АТТУУ РЕСПУБЛИКАЛЫК ИЛИМИЙ-ПРАКТИКАЛЫК КОНФЕРЕНЦИЯНЫН МАКАЛАЛАРЫ*

***Шамшиев Р.К., Кутманов Ш.А.***

## И. Раззаков улуттун улуу уулу.

Исхак Раззаков жөнүндө эскерүү акыркы жылдары негедир, көптөгөн кыргыздардын аң-сезиминде терең ой жаратып жашап келе жаткандыгын байкоого болот. Демек, өткөн тарыхтын тууралыгы үчүн күрөшүүгө мезгил келгендиги туура экендигинен кабар бергендей.

Ал мезгилинде БКнын биринчи катчысы катары Кыргызстанды жетектөө менен, Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштен кийин өз эли менен бирге татаал, ошол эле учурда жаркын жылдардын турмушун башынан өткөргөн.

Раззаков 1910-жылы Баткен областында туулган. Томолой жетим болуп өсүп, балдар үйүндө тарбияланып, турмуштун кыйла оорчулуктарын башынан кечирди. Бала чагынан эле башкалардан айырмаланып билимге, китепке умтулган. Улуту кыргыз болсо да, орус, тажик, өзбек тилдеринде жакшы сүйлөгөн, өзүнүн ички ишеними боюнча интернационалист болгон. 1931-жылы Ташкенттеги агартуу институтун аяктап, окутуучу болуп иштеген соң, Москвага, СССР Мампланынын институтуна окууга жиберилген.

Окууну аяктаган соң, И.Раззаков кайра Өзбекстанга кайтып келип, Совнаркомдун төрагасынын орун басары, Өзбекстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин катчысы болуп иштеген. Аймакташ коңшуларыбыз аны ар дайым ыраазы болуу менен жылуу эскеришет жана ар дайым эстешет.

1945-жылы И.Раззаков Москванын тапшырмасы менен Кыргызстанга республикалык уюмду жетектөөгө келген.

Отуз беш жаштагы Исхакка зор жоопкерчилик тапшырылды. Ал өзүнө тапшырылган ишти абийирдүүлүк менен орундата алды. Буга ал тарабынан республиканын экономикалык мүмкүнчүлүгүндө калтырган ийгиликтери анын демилгеси менен аракетинин натыйжасында түзүлүп өнүккөн көптөгөн жаңы өндүрүштүк ишканалар, транспорттук, чарбалык, энергетикалык жана социалдык инфраструктуралар күбө экндигин бүгүнкү убакыт көрсөтүүдө.

Ошол учурдун шарттарында иш тажрыйба жана билим менен бирге зор уюштуруучулук шык, аналитикалык ой жүгүртүү патриоттук дух, алдыга коюлган милдеттерди орундатуу үчүн күрөшө билүү талап кылынгандыгы белгилүү. Ал эми бул үчүн майтарылбас эрк-мүнөз зарыл эле. Бул мүнөздү бул кишиден жеңил байкоого болот эле. И.Раззаков республиканы жетектеген ошол мезгилде өлкөдө жалгыз адамга кулдук уруу талабы өкүм сүрүп, көптөгөн өз алдынча ой жүгүрткөн, демилгечил адамдарды улутчул жана эл душманы катары жазага тартышкандыгы тарыхый жазуулардан белгилүү. Москванын көзөмөлүсүз жана уруксатысыз жер-жерлерде бир да маселе чечилген эмес.

Ошондой оор мезгилде Исхак Раззаков борбордун алдында республиканын кызыкчылыгын коргоп, өмүрүнүн акырына чейин кыргыз жеринин гүлдөп-өсүшү үчүн ак дилден күрөшкөн. Улуттун уулу отузунчу жылдары репрессияланган республиканын көптөгөн көрүнүктүү партиялык жана мамлекеттик ишмерлерин актоого жана алардын ысымдарын түбөлүк калтырууга чоң эмгек жасаган.

И.Раззаков республиканын илимий-билим берүү потенциалынын өнүгүшүнө өзүнчө камкордук көргөн. Ошол жылдары Илимдер Академиясы, Кыргыз Мамлекеттик Университети, Политехникалык институт, Кыргыз кыз-келиндер институту, Ош, Прежевальск

пединституттары, Кыргыз дене тарбия институту, көптөгөн илимий жана агартуу мекемелери түзүлгөн. И.Раззаковдун жекече демилгеси жана активдүү катышуусу менен улуттук кадрлар сапаттуу даярдалган. Билимге чаңкаган талanttуу уландар менен кыздар Москванын, Ленинграддын, Новосибирскинин, Омскинин жогорку окуу жайларына жиберилген. Муну 1943-1952-жылдары СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалын жетектеген көрүнүктүү окумуштуу, академик К.И.Скрябин баса белгилеген.

Илим менен катар Кыргызстанда маданият менен жалпыга маалымдоо, басма сөз каражаттарын өнүктүрүүдө сезилерлик натыйжаларга жетишилген. 50-жылдарда республикада адабият менен искусствонун бардык жанрларында чыгармалар жаралган. 1958-жылы Москвада өткөн кыргыз искусствосу менен адабияты экинчи он күндүгү бүткүл Союзга Кыргызстандын элин, анын маданиятын даңктады. И.Раззаковдун бул Декадада артисттердин, акындардын ийгилигине, кыргыз элинин маданий мурасына чын жүрөгүнөн кубанганын замандаштары көп эскерип, айтып жүрүшөт.

Адетте, Сталин заманындагы парткызматкерлерди катаал буйрукчул сапаттарга ээ болгон төбөлдөр катары элестетишет. Бул талаш тыянак. ***«…Тууган – урук керек. Сыйлоо, жардам берүү – парзың. Антпесең журттан чыгып каласың… бирок ойлонуп сыйла, акылың, кеңешиң менен жардам бер. Эмгекке шилте. Бул-туугандыктагы эң бир туура жол.***

***Эгер сыйлоо, жардам берүү ушу экен деп ыгы жок жерден көтөрмөлөй берсең анда да журттан чыгып каласың…»***

Демек, мамлекеттик кызматта туура иштөө тууган урук менен эмес, туура сапаттуу адисте экенин И. Раззаков алдын ала билген. Чындыгында эле анын уюштуруучулук жөндөмү мыкты болгон, бирок аны өзгөчө интеллектуалдык сапаттары айырмалап турган. Ал өз элинин тарыхына терең сүңгүп кирип, анын байыркы тамырын изилдеп, биздин жаралуубуздун алгачкы булактарына чейин жеткен.

И.Раззаков кыргыз элинин байыркы тарыхын билүүгө зор салым кошуп, анын улуттук аң-сезиминин жогорулашына өбөлгө түзгөн. Түп нускалуу документтерден тарыхты үйрөнүү үчүн таанымал тилчи Мусса Маруфийден араб жана перси тилдери боюнча сабак алып, түрк элдеринин биринчи лингвисттик сөздүгүн түзүүчү Махмуд Кашкари, Манас тууралуу биринчи жазма булактын автору Сайфаддин Аксыкенти өңдүү чыгыштын илимий ой жүгүртүүсүнүн эң көрүнүктүү өкүлдөрүнүн эмгектерине, ошондой эле орто кылымдагы кыргыздардын жол көрсөтүүчүсү.

Мезгилинде Мухаммед-Кыргыздын ишмердигине кайрылган. 1946-жылы Ленинграддык белгилүү тарыхчы А.Бернштам менен жолугушкан. Мына ушундан кийин И. Раззаковдун көрсөтмөсү боюнча Манастын 1000 жылдыгын майрамдоо боюнча демилге көтөрүлгөн. 40-50-жылдарда Москва менен Ленинграддын илимий-маданий борборлорунун көрүнүктүү окумуштууларынын жана коомдук ишмерлеринин катышуусу менен «Манас» эпосун тереңдеп иликтөө, кыргыз элинин тарыхын изилдөө жана тактоо экендигин таанууга чакырган. 1952-жылы биринчи жолу «Манас» эпосу басылып, ал эми 1956-жылы кыргыз элинин пайда болушунун тарыхы (этногенезис) боюнча бүткүл союздук илимий практикалык конференция өткөрүлгөн. «Манас» эпосунун чыныгы элдүүлүгү далилденген.

Кыргыз Республикасынын экономикасында, маданияты менен искусствосунда болуп өткөн өсүштөр, өзгөрүүлөрдү И. Раззаковдун ысмынан бөлүп кароого болбойт.

Ал табиятынан эле чыныгы интернационалист болчу. Адамдарды өзүнө тарта билген, талanttуу, билимдүү, демилгелүү инсан эле. Ар түрдүү улуттагы адамдар да ага тартылып, кең пейил, кеңешчи катары терең урматтап турушкан.

Исхак Раззаков жеке гана кыргыз элинин эмес, ошондой эле бүтүндөй Орто Азиянын көрүнүктүү инсаны, мамлекеттик жана саясий ишмери болгон. Элибизде «Баатырлар катаал күндө жаралат» деген накыл кеп бар эмеспи. Адамзаттын тарыхында кылымдардан бери ар качан ушундай экендиги айтылып жүрөт.

Совет доорунун Орто Азия элдери үчүн караңгы да, жарык да жактары болду. Аны биз төмөнкү маалыматтан байкасак И.Раззаковдун атасынын бир тууган таякеси Саип уулу Молдо-Абдылда да бир топ убакыт өтүп Исхака барып сүйлөшүп: «сен бул жерде каапыр болуп кетпегин, сени алып кеткени келдим. Айланайын Исхакжан, жүр алып кетейин», - деп аракеттенет.

Ошондо И. Раззаков жалгыз таякесин капа кылып койбоюн деп чоң кишидей жооп берет: «Таяке, мына сиз молдосуз. Чоң китептерди окуп, чон молдо болгонсуз. Мен ошол сиз окуган китептердин четине эми жеттим. Ошол китептердин бардыгын окуп көрүп, молдо болуп, андан кийин сиздин алдыңызга өзүм барамын», - деп он жашка толо элек бала таякесин капа кылбай түшүндүрүп, үчүнчү жолу тубаса сыры бар экендигин көрсөтөт.

Кедей-кембагалдарга билим берген, акысыз билим берүү системасын киргизген Совет бийлиги болбогондо, Хоросон айылынан чыккан томолой жетим Исхак Раззаков өңдүү көрүнүктүү инсандар кайдан чыкмак жана жогоруда белгиленген тоодой жумушту ким жасап өз элине тартууламак. Илим, билим берүү, маданият жана саламаттыкты сактоо - адамдын өмүрүнүн ажырагыс азыгы. Алар болгон учурда гана биз Исхак Раззаков сыяктуу инсандардын чыгышы үчүн шарт түзө алаарыбыз анык. ***«…Иштi акыл менен иште. Эгерим сезимге жеңдирбе. Алданып каласың. Сезимди акылдын эркине баш ийдире алсаң анда пайдаң да арбын болот…»***

Ошондуктан, оор кыйынчылыктарга карабастан, биз билим берүүгө зор көңүл буруубуз мезгил талабы. Бүгүнкү мектеп окуучулары менен студенттердин ичинен эртең И.Раззаков сымал элибиздин жыргалчылыгы үчүн иштей турган, мамлекетти гүлдөп-өскөн коомго айландыруу үчүн бардыгын жасай турган жаңы таланттардын чыгаарынан үмүт үзбөшүбүз керек.

Ал инсан катары уга билип, ар кандай аудиторияда өз сунуштарын угармандарына так жеткирип, ынанымдуу аңгеме-маек кура алган өзгөчө сапаттарды багындырган. Анын келишин өзгөчө, кыйын кырдаалда өтө чыдамсыздык менен күтүшөөр эле. Ал катаал мезгилдерде адамдардын духун көтөрүп, келечекке болгон үмүтүн арттырып, алардын суроо-талаптарын, сунуштарын өтө кунт коюу менен карап, маанилүү жана керектүү маселелерди кечиктирбей чечип берчү.

Демек, тарых уланып, коом канчалык жаңырса да кылган эмгек эскирбей кайрадан изилденип толукталаарына ишеним чоң.

***Адабияттар***

1. *Акаев А.* Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана «Манас» элдик эпосу. -Б.; 2002-ж.
2. Улуу инсан эскерүүлөр. -Б.: 1996-ж.
3. *Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А.* Кыргызстан тарыхы. -Б.: 2003-ж.